Нарын областы
Кочкор райондук билим берүү бөлүмү

Кочкор районундагы Шапак Рысмендеев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин директору Боობек уулу Болоттун 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча

Отчету

Кара-Суу айылы

Сканировано с CamScanner

**Кочкор районундагы Шапак Рысмендеев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин директору Бообек уулу Болоттун 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча отчету**

2021-2022-окуу жылы биздин мектеп үчүн жемиштүү жылдардан болду. Биз бул жылдарда көптөгөн ийгиликтерди жарата алдык. Мектеп администрациясы 4 адамдан турат: директор- Бообек уулу Болот, директордун, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Акималиева Айнура, тарбия иштери боюнча директордун орун басары – Батталов Урмат, соц.педагог Көкүмбаева Чолпон. Ар бирине функционалдык милдеттери такталып, бардыгына тапшырылган. Окуу жылдын башында мугалимдер календардык пландарын өз убагында жазышып, убагында бекиттиришкен. Жаңы окуу жылынын башында саат жүктөмдөрү мугалимдердин предметине, стажысына, шартына жараша бөлүштүрүлгөн. Бардык мугалимдер 18 саат жүктөмдөрү менен иштешет. Мектепте бардык предметтер боюнча кадрлар жетиштүү. 2021-2022-окуу жылынын башында 40 мугалим эмгектенип, алардын ичинен 7 эркек, 33 аял мугалим эмгектенишет. 39 мугалим жогорку билимдүү, 1 мугалим атайын орто билимге ээ.1 мугалим Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими, Эл агартуунун отличниги-13 мугалим, МНОнун грамотасы-2 мугалим, ОБЛОНОнун грамотасы-2 мугалим.

Жалпы мектеп боюнча 546/265 окуучу окуйт. 2021-2022-окуу жылында Айыл өкмөттүн бюджетинен ысык уюштуруу үчүн ашкананы капиталдык ремонттон өткөрүүгө 179 миң сом бөлүндү, жергиликтүү айыл тургундары, ата -энелер тарабынан 100 миң сомдук жумуштар аткарылды. Бүткүл дүйнөлүк азык түлүк уюму тарабынан ашканага жалпы наркы 7 миң доллар турган ашкана жабдыктары алынып берилди. Учурда башталгыч класстын окуучулары ысык тамак ичип жатышат. Андан сырткары НАБУ уюму тарабынан 250 миң сомго 1200 түп Алтай чычырканагы отургузулду. Мектепти мындан 20 жыл мурун аяктаган бүтүрүүчүлөр 25 миң сомго 250 түп алма, өрүк, алмуруттун көчөттөрүн отургузушту. Ошондой эле айыл тургундары 10 түп ёлка отургузушту. Жалпы суммасы 20 миң сом. Жеке демөөрчү тарабынан мектептин ашканасына жалпы суммасы 1600 миң сомго идиш- аяк алынып берилди. Кошумчалай кетсек 1988-туулган айыл тургундары 12 миң сомго септик салдырып беришти.

Окуу- тарбия иштери боюнча түзүлгөн жылдык пландын негизинде сабактар өткөрүлүп, күндөлүктөрдүн, китептердин абалдары текшерилди. Мугалимдер сабактын пландарын жазышып, отчетторун өз убагында тапшыршып, милдеттерин жоопкерчилик менен аткарышты. Мугалимдердин арасында атайын нөөмөт графиги түзүлүп, күн сайын окуучулардын сабакка катышуусун, формасын, класс кабинеттердин тазалыгын текшеришет.

Усулдук кеңештин жыйналышы өтүп 2021-2022-окуу жылына карата иш планы бекитилди жана усулдук кеңештин жаңы курамы түзүлдү.

1.Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчичи- Султакеева Рахима

2. Тил жааты усулдук бирикмесинин жетекчиси- Баякунова Алтын

3. Табият таануу усулдук бирикмесинин жетекчиси- Шамшиева Эркайым

4. Социалдык багыттар, көркөм өнөр жана ден -соолук маданияты усулдук бирикмесинин жетекчиси-Турсунова Дамира

Сканировано с CamScanner

5. Көп тилдүү билим берүү усулдук бирикмесинин жетекчиси-Оторова Кенже

Жыл ичинде, декадалар ачык сабактар график боюнча өткөрүлүп турду.

**Директордун мектептин жана класстан тышкаркы иштерин уюштуруу боюнча орун басарынын иштери боюнча билдирүү.**

2021-2022-окуу жылында мектептен жана класстан тышкаркы иштеринин жыйынтыгында айта кетсек алгылыктуу иш чаралар өткөрүлдү. Аларга көз жүгүртсөк сентябрь айында «Билим күнү» жалпы окуучулар мугалимдер жана ата- энелер менен биргеликте белгиленди.

14-сентябрда мектеп окуучуларынын өзүн-өзү башкаруу парламенти түзүлдү.1 9-сентябрь ата-энелердин жалпы жыйналышы болуп өттү . Мамлекетибизде 23-сентябрь Кыргыз тил күнүнө карата мектепте 21-сентябрда кыргыз тил майрамы 1-11-класстардын арасында өткөрүлдү. Бардык класстар активдүү катышып, бул иш-чара кыргыз тили жана адабияты мугалимдери тарабынан өткөрүлдүү.

Октябрь айында:1-октябрь айынын биринчи жумасы ардактуу жана түйшүктүү кесиптин ээлери мугалимдер жана карылар күнү окуучулар тарабынан белгиленди.19-октябрь жалпы ата-энелер жыйналышы өткөрүлдү. Ата-энелердин комитетин шайлоо жана экинчи жарым жылдыка иш алып баруу. Мектепте кылмыштуулукту алдын алуу иштери жүргүзүлдү.

Ноябрь айында мектепте күз майрамына карата 1-11-класстар арасында иш-чара өткөрүлдү. Кыргыз ССРнин эл жазуучусу драматург Токтоболот Абдымомуновдун 100 жылдыгына карата класстык сааттарды өттү.

Декабрь айында 1.12.22-ж Бүткүл дүйнөлүк СПИД оорусуна каршы туруу күнүнө карата СПИДке каршы окуучуларга маалымат берүү максатында «Биз СПИДке каршыбыз» деген темада класстык саттар өтүлдү.

Кыргыздын алгачкы агартуучу-илимпозу Ишенаалы Арабаевдин 140 жылдык маарекеси жана Чыңгыз Айтматовдун 95-жылдыгына карата класстык саттар өтүлдү.

Сканировано с CamScanner